***Бишкек шаарындагы Т. Сатылганов атындагы №69 окуу-тарбия комплекс-гимназиясы***

# *Программа*

## *Тема: А1 тил дипломуна даярдык*

***Предмет:*** *немец тили*

***Программанын тиби:*** ылайыкташтырылган

***Кайда колдонулат:*** *Кошумча акы төлөп окутууда колдонулат*

***Класс:*** *5*

*Мугалим:* *Кененбаева Н.А.*

***Бишкек 2022-2023***

Программа бекитүүнүн датасы 3 .09.22.

Программа усулдук кеңешмеде каралды.

**№69 окуу-тарбия комплекс-гимназиясынын**
**усулдук кеңешинин төрайымы** ________________ **Атаева С.Т.**

Комиссиянын колу: ________________ Мырзаева Р.А.
________________ Борукчиева Г.Т.
________________ Рыскелдиева А.З.
________________ Токтосунова Ж.О.
________________ Омурбекова Г.А
________________ Боромбаева Ж.М.
________________ Токтомамбетова А.М.
________________ Жороева Ж.И.
________________ Абдылдаев И.Б.
________________ Абдыкеримова С.А.
________________ Тойгожоева В.К.
________________ Бегалиева А.Р.
________________ Акжолова У.П.

***Бишкек* шаарындагы *Т. Сатылганов атындагы №69 ОТК-гимназиясынын***

***5-класстар үчүн немец тили предмети боюнча кошумча билим берүү максатында түзүлгөн программасына***

**Аннотация**

Немец тили предметин тереңдетип билим берүүдө тил дипломуна ээ болуу максатында алгачкы кадамдардын бири европалык стандарттагы окуу китептери менен окуучулар камсыз болушат жана андагы материалдарды жеткиликтүү өздөштүрүү үчүн кошумча окутуу программасы түзулгөн. Программада негизинен окуучулар үчүн эң негизги максаты болгон тил дипломуна тапшыруу үчүн тапшырмалар берилген. Тил дипломуна экзамен берүүдө негизинен окуп түшүнүү, угуп түшүнүү, кат жазуу жана ооз эки экзамендик иштерин аткарышат. Программада аткарыла турган иштерди тереңирээк кароо, окуучуларды кадам сайын алга жылуусуна шарт түзөт жана экзаменге даярдануусу үчүн чоң көмөк болот.Мындан тышкары эң негизги проблемалардын бири болгон ооз эки сүйлөө речи. Окуучулар өздөрүнүн ойлорун эркин айтууга, логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө дагы ар кандай тапшырмалар каралган.

Программадагы оригиналдуу текстер жана алардын жазылуу стили, окуучуларды грамматиканы үйрөнүүгө жана эркин сүйлөөгө болгон кызыгуусун ойготот.

Немец тилин окуп үйрөнүүдө граммматиканын татаалдыгына байланыштуу бул программада суроолу сүйлөмдөрдү, диалог жана тексти өз ойлору аркылуу интерпретациялоо, этиштин түзүлүшүн, чактарын, байламталарды, жөндөмөлөрдү, сүйлөмдүн түзүлүш структурасын туура колдонуу үчүн окуучулар көнүгүү иштери аркылуу ийримде кеңири түшүнүк алып аны бышыктай алышат. Көнүгүү иштерин жеткиликтүу түшүндүрүү үчүн, кошумча материалдар, тех.каражаттардын жардамы аркылуу интерактивдүу ыкмалар колдонулат, ошону менен бирге окуучулардын предметке болгон кызыгуусун арттырып,тилди жеңилирээк үйрөнүүгө жол ачуу - бул программанын негизги талабы болуп эсептелет.

Программаны окуп үйрөнүү менен окуучулар тилге болгон жөндөмдүүлүгүн өздөштүрө алышат, жана негизги максат болгон тил дипломуна даярдык көрүшөт. Программанын негизинде сабак өтүүдө окуучулар интерактивдүү досканы жана ар кандай маалымат булактарын колдонушат.

**Т. Сатылганов атындагы № 69 окуу тарбия комплекс – гимназиясында немец тилин үйрөтүүдө кошумча билим берүү үчүн ылайыкташтырылып түзүлгөн программага түшүнүк кат**

Чет тилин билүү эң маанилүү орундардын бирин ээлеп, адам турмушунда социалдык, маданият жактан өнүгүүгө жана дүйнөлүк шериктештикке аралашуунун тездетилишине чоң өбөлгө түзүп жатат. Ал өсүп келе жаткан жаш муунга Ата Журттун чегинен чыгып, башка мамлекеттерде билим алып эмгектенүүгө, ал аркылуу келечекке ишеним менен кадам таштоого мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. Ал үчүн окуучунун мектептен алган билиминин пайдубалы бекем болуусу шарт.

Чет тили предметинин негизги милдети - коммуникативдик компетенттүүлүктү б.а. дүйнө элдери менен инсан аралык, маданий-социалдык, окуу-эмгек чөйрөлөрүндө баарлашууга даярдыкты жана ага болгон жөндөмдүүлүктү калыптандыруу болуп саналат. Ал милдеттердин жыйындысы окутуу процесси мугалим менен окучуунун өз ара баарлашуусу, окуучулардын бири-бири менен болгон пикир алышуусу жана алардын биргелешкен ишмердүүлүгү катары түшүндүрүлөт. Бул максат менен милдеттерди чет тили мугалимдери окуучуларга инсанга багытталган ыкмада, кызматташуу технологиясын жүзөгө ашырган, проблемалуу окутууну камтыган жана коммуникативдүү багытта, ошону менен бирге, интерактивдүү мамиле жасоо аркылуу тил үйрөтүүнү турмушка ашыруу методдорун колдонуу менен ишке ашыруулары зарыл. Ал үчүн окуучулардын тил үйрөнүүгө болгон ички талаптары менен кызыкчылыгына жана керектөөсүнө көңүл буруу абдан маанилүү. Окутуунун мазмунун ушул багытта аныктоодо негизги көңүл окуучулардын социо- маданий билгичтиктерине жана көндүмдөрүнө коюлуусу керек. Себеби алар өз өлкөсүнүн маданиятын башка улуттун өкүлдөрүнө мамилелешүү, баарлашуу учурунда көрсөтө алуулары максатка ылайык келет.

Немец тилин окутуунун дагы бир максаты болуп: Европалык стандарттагы DSD I жана DSD II тил дипломуна ээ болуу.

Окуучу келечекте өз мүмкүнчүлүгүн пайдаланып, Германиянын окуу жайларына тапшырып, окуганга жана иштегенге мүмкүнчүлүк ала алат.

Бул түзүлгөн программа төмөндөгү аталган максаттарга жетүүгө өбөлгө түзөт.

Программанын максаты:

- окуучулардын коммуникативдик, баарлашуу жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү
- окуучулардын тилге болгон кызыгуусун арттыруу
- логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүү
- грамматикалык сабаттуулугун жогорулатуу

Программанын милдеттери:

- тил дипломунун тапшырмаларына: окуп жана угуп түшүнүү, дил баянды жазуунун эрежелерин сактап туура жазуу жана окуучу өзүнүн проектик темасын кеңири ачып,өз оюн туура айтууга машыктыруу
- окуу материалдарын камсыздоо
- окуу-эмгек чөйрөлөрүндө баарлашууга даярдыкты жана ага болгон жөндөмдүүлүктү калыптандыруу

# Күтүлүүчү жыйынтыктар:

А1 тил дипломуна ээ болууда окуучулар:

- күндөлүк жашоодо, тегерегинде курчап турган чөйрөдө немец тилинде пикир алмашуу жана өз оюн айтуу
- жазуу аркылуу берилген маалыматтан өзүнө керектүү маалыматты түшүнүү
- жазуу түрүндө маалымат жазуу
- аңгемелешүү убагында суроолорго жооп берүү жана суроо берүү

немец элинин маданиятын, үрп – адатын таануу.

**Программанын мазмуну**

1. Окуп түшүнүү тапшырмалары - 15 саат;
2. Угуп түшүнүү тапшырмалары - 15 саат;
3. Дил баян жазуу тапшырмалары - 10 саат;
4. Озеки сүйлөө темалары - 14 саат ;
5. Грамматикалык көнүгүүлөр - 10 саат ;
6. Тест - 4 саат;

Колдонулуучу адабият жана авторлору

Magnet neu A1

Giorgio Motto

Grammatik aktiv Deutsch als Fremdsprache

Sigrid Xanthos-Kretschmer

**Немец тили сабагы боюнча 5-класстар үчүн немец тилинен кошумча окуутуга түзүлгөн программанын мазмуну**

| № | Themen | 1 |
|---|---|---|
| 1 | Was sagst du wann? Эмне качан айтылат? | 1 |
| 2 | KB, Verabschiede dich / Коштош | 1 |
| 3 | KB, Wie viel ist……..? Канча болот? | 1 |
| 4 | AB, Übungen / Көнүгүү иштөө | 1 |
| 5 | KB, Wo liegt…….? Кайда жайгашкан? | 1 |
| 6 | KB, Hauptstädte von Europa<br>Европанын борбор шаарлары | 1 |
| 7 | KB, Was machst du in deiner Freizeit?<br>Сен бош убакта эмне кыласың? | 1 |
| 8 | KB, Fatma mag Fremdsprachen<br>Фатма чет тилдерин жакшы көрөт | 1 |
| 9 | Lek-3, Familien heute / Бугунку күндө үй-бүлөлөр | 1 |
| 10 | KB, Wer ist das? / Бул эмне? | 1 |
| 11 | Projekt: „ Mein Haustier“<br>Менин үй жаныбарым | 1 |
| 12 | AB, E-Mail / Кат жазуу | 1 |
| 13 | KB, Meine Cligue / Менин досторум | 1 |
| 14 | Verben im Präsens / Этиштер учур чакта | 1 |
| 15 | Präposition- in, -vor / Байламталар | 1 |
| 16 | AB, Wo treffen wir uns?<br>Биз кайдан кезигишебиз | 1 |
| 17 | Wortschatztraining / Сөздөр менен иштөө | 1 |
| 18 | Test / Тест | 1 |
| 19 | KB,Lek-5, Unsere Klasse / Биздин класс | 1 |
| 20 | Possessivartikel / Өздүк ат атооч | 1 |
| 21 | KB, Höfliche Form / Сылык форма | 1 |
| 22 | KB, Unser Schuldirektor / Биздин директор | 1 |

| | | |
|---|---|---|
| 23 | KB, Meine Lieblingsfächer<br>Менин жакшы көргөн сабактарым | 1 |
| 24 | KB, Wie findest du Mathe?<br>Математиканы сен кандай деп ойлойсуң? | |
| 25 | AB, Verben; finden, unterrichten / Этиштер | 1 |
| 26 | KB, Schule in Deutschland<br>Германиядагы мектептер | 1 |
| 27 | KB, Lek-6, Schule und Schulsachen<br>Мектеп жана мектеп куралдары | 1 |
| 28 | KB, Was ist in deiner Schultasche?<br>Сенин сумкаңда эмне бар? | 1 |
| 29 | AB, Was brauchst du in der Schule?<br>Мектептте сага эмне керек? | 1 |
| 30 | AB, Hast du alles? Сенде баары барбы? | 1 |
| 31 | Arbeit am Wortschatz / Сөздөр менен иштөө | 1 |
| 32 | Test / Тест | 1 |
| 33 | KB, Rund um die Schule / Мектеп айланасында | 1 |
| 34 | Rund um die Schule S-89/ Мектеп айланасында | 1 |
| 35 | AB, Stell deine Schule vor!<br>Мектебиңди тааныштыр! | 1 |
| 36 | KB,S-91 Übungen / Көнүгүү иштөө | 1 |
| 37 | Lek-7, Was isst du gern?<br>Сен эмне жегенди жакшы көрөсүң? | 1 |
| 38 | KB, Was isst du gern? S-94<br>Сен эмне жегенди жакшы көрөсүң? | 1 |
| 39 | Modalverb- mögen | 1 |
| 40 | KB, Übungen S-97 / Көнүгүү иштөө | 1 |
| 41 | KB, Grammatik auf einen Blick S- 101<br>Грамматиканы иштөө | 1 |
| 42 | KB, Wortschatztraining S-103 / Сөздөр менен иштөө | 1 |
| 43 | Test / Тест | 1 |

| | | |
|---|---|---|
| 44 | Lek-8, Tagesabläufe / Күнүмдүк план | 1 |
| 45 | KB, Olivers Tagesablauf<br>Оливердин күнүмдүк планы | 1 |
| 46 | Verben im Präsens / Этиштер учур чакта | 1 |
| 47 | Präteritum: sein-war, haben-hatte<br>Этиштердин өткөн чактары | 1 |
| 48 | KB, Übungen S-101 / Көнүгүү иштөө | 1 |
| 49 | AB, Wortschatztraining S-88<br>Сөздөр менен иштөө | 1 |
| 50 | AB, Ich kann lesen, hören, sprechen, schreiben.<br>Мен окуйм, угам,сүйлөйм жана жазам | 1 |
| 51 | KB, Landeskunde. Die Antwort auf die Fastfood<br>Өлкө таануу | 1 |
| 52 | Test / Тест | 1 |
| 53 | Lek-10, Mein Lieblingssport<br>Менин жакшы көргөн спорт түрү | 1 |
| 54 | KB, Sportarten / Спорттун түрлөрү | 1 |
| 55 | KB, Gehen wir Fußball spielen<br>Биз футбол ойногонго барабыз. | 1 |
| 56 | Meine Lieblingsfußballmannschaft<br>Менин жакшы көргөн футбол командам. | 1 |
| 57 | Lek-10, Mode / Мода | 1 |
| 58 | Was trage ich gern?<br>Мен эмне кийгенди жакшы көрөм? | 1 |
| 59 | KB, Mode ist mein Hobby<br>Мода менин хоббим. | 1 |
| 60 | Modeklamotten: dafür oder dagegen<br>Модага каршы жэ макулбу? | 1 |
| 61 | Verben im Perfekt.<br>Этиштер өткөн чакта | 1 |
| 62 | Partizip Perfekt | 1 |

| | | |
|---|---|---|
| 63 | KB, Wortschatzarbeit<br>Сөздөр менен иштөө | 1 |
| 64 | AB, Ein Interview HV / Маектешүү | 1 |
| 65 | AB, Leseverstehen / Угуп түшүнүү | |
| 66 | AB Wortschatztraining<br>Сөздөр менен иштөө | 1 |
| 67 | Test /Тест | 1 |
| 68 | Allgemeine Wiederholung<br>Жалпы кайталоо | 1 |